**Азыркы шарттарда республикада миграциялык процесстерди жөнгө салуу боюнча чаралар жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңеши азыркы мезгилде миграциялык процесстер эмгек ресурстарын кайра бөлүштүрүүнүн инструменти гана болбостон, көп учурда мамлекеттер аралык мамилелерди өнүктүрүүдөгү тенденцияларды жана көптөгөн өлкөлөрдөгү ички кырдаалды аныктаган чөйрө болот деп белгилейт.

Кыргызстандагы миграциялык кырдаалды талдоо ички жана тышкы миграцияны толук түрдө контролдоонун жана эсепке алуунун иш жүзүндө жоктугу менен шартталган, ошондой эле республикага келген чет элдик жарандардын саны туруктуу түрдө өсүп жатканы менен байланышкан системалуу мүнөздөгү олуттуу көйгөйлөр бар экендигин айгинеледи, бул белгилүү бир деңгээлде либералдуу улуттук мыйзамдардын кесепетинен болууда. Бирок ушул эле мыйзам актылары, атап айтканда “Тышкы миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-майындагы № 200 “Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды Кыргыз Республикасынын аймагында каттоонун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” жана 2009-жылдын 7-февралындагы № 87 “Жарандарына жөнөкөйлөтүлгөн визалык режим колдонулчу чет мамлекеттердин тизмесин бекитүү жөнүндө” токтомдору тиешелүү аткарылбай жатат.

Жыл сайын республикага келип жаткан 4 - 4,5 миллион чет өлкөлүктүн болгону 3%ы гана каттоодон өтүп жатат, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңеши мындай кырдаалга жол берилбей турганына мамлекеттик органдардын көңүлүн бурат. “Гибриддик” деп аталган согуштун түрү аркылуу өлкөгө күч колдонуунун салттуу эмес жаңы формасы пайдаланылып жаткан шарттарда катталбаган көп сандагы чет өлкөлүктөрдүн бар болушу улуттук коопсуздукка реалдуу коркунуч келтирүүдө.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматтары боюнча республиканын чегинен тышкары 700 миңден ашык жараныбыз эмгектенүүдө жана ишкердик кылууда. 2015-жылдын аягына карата алганда кыргызстандык эмгек мигранттарынын көпчүлүгү Россия Федерациясында – 530 миң адам

(Россиянын ФМК маалыматы боюнча), Казакстанда – 114 миң адам (Казакстандын ИИМ Миграциялык саясат департаментинин маалыматы боюнча), Түштүк Кореяда – 15 миң адам, Түркияда – 10 миң адам жүрүүдө. Аларга Россияда мыйзамсыз жүргөн жарандарыбызды да кошуу зарыл, алардын саны эксперттердин баалоосу боюнча 100 миң адамга жетет.

Татаал социалдык-экономикалык кырдаалдын жана республиканын түштүгүндөгү сугат айыл чарба жерлеринин жетишсиздигинин жана ирригациялык курулмалардын өнүкпөгөн системасынын болушунун айынан республиканын түндүгүнө ички миграциянын агымы сакталууда. Ушуга байланыштуу, Чүй облусу жана Бишкек шаары туруктуу түрдө ички мигранттар менен толукталууда, ал эми калган региондордон калк кетүүдө. Эгемендик жылдары расмий маалыматтар боюнча республикада туруктуу жашаган жерин 1,5 миллиондон ашык адам которгон. Статистика боюнча 2015-жылы борбор шаардын калкынын саны 970,5 миң адамды, ал эми эксперттердин баалоосу боюнча 1,5 миллиондон ашык адамды түзгөн. Ошол эле учурда Бишкек шаарынын инфраструктура системасынын кубаттуулугу саны олуттуу өскөн калктын муктаждыктарын камсыз кыла албай калды жана аларды реконструкциялоо жана кеңейтүү үчүн чоң капиталдык салымдарды талап кылууда.

5-10 жыл ичинде калктын саны көбөйгөндүктөн, жеке турак жай куруу үчүн жер үлүшү жок адамдардын жогорку чектеги массасы пайда болду. 2005 жана 2010-жылдары Бишкектин тегерегинде, башка жерлерде жерди өзү билемдик менен басып алуу болуп, андан кийин бул конуштарды бюджеттик каражаттардын эсебинен пландан тышкары жайланыштыруулар болду.

Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңеши республиканын бардык региондорунда жашоо шарттарын жана экономиканы көтөрүү боюнча кечиктирилгис чараларды көрбөсө бул процесс улана берет деп эсептейт. Ошол эле учурда жарандардын барган жеринде эмес, жашаган жерине мыйзам менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү алуунун көйгөйү чечилбей жатат, жумуш издеп жашаган жерин же жашап турган ордун которгондо, жарандар саламаттык сактоонун, билим берүүнүн, социалдык коргоонун базалык кепилдик берилген кызмат көрсөтүүлөрүн алуу укугун ишке ашыруу мүмкүндүгүнөн ажырап калууда.

Чек ара аймактарындагы миграция мамлекеттин өзгөчө көңүл буруусун талап кылган курч көйгөй болуп эсептелет. Чек ара

аймактарындагы жана жогоруда аталган көйгөйлөргө туш болгон калктуу конуштардын көпчүлүгү Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жайгашкан.

Өлкөнү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө жана улуттук коопсуздукту камсыз кылууда миграциялык процесстердин олуттуу ролун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңеши

**ЧЕЧИМ КЫЛДЫ:**

1. Ушул маселе боюнча Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри Г.К. Кудайбердиеванын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын төрагасы Б.А. Адыловдун баяндамалары эске алынсын.

2. Республиканын бардык региондорунда калктын иш менен камсыз болушун кыйла жогорулатуу жана ички, тышкы миграцияны кыскартуу мамлекеттин 2030-жылга чейинки миграциялык саясатынын башкы багыты болуп аныкталсын.

3. Чек ара аймактарында, биринчи кезекте республиканын түштүк облустарында экономиканы өнүктүрүүнү камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын бийлик жана башкаруу органдарынын артыкчылыктуу милдети деп эсептелсин.

4. Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө биринчи кезекте чек арага чукул жайгашкан облустарга ирригациялык долбоорлорду ишке ашырууга узак мөөнөттүү насыяларды тартуу сунуш кылынсын.

5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө өзгөчө маанилүү социалдык-экономикалык проблемаларды чечүү үчүн насыялык каражат бөлүүлөрдүн тартылышын эске алуу менен тышкы карыз алуулар принциптерин жана ченемдик укуктук базаны кайрадан карап чыгуу сунуш кылынсын.

6. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин катчылыгы (ТӨУС) Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги тарабынан иштелип чыгуучу 2050-жылга чейинки демографиялык болжолдун жана Региондук өнүктүрүү концепциясынын негизинде узак мөөнөттүү мезгилге мамлекеттин демографиялык саясатын **2016-жылдын 1-октябрына чейин** иштеп чыксын.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

– миграциялык процесстерди башкаруунун алкагында, ошондой эле миграциялык мыйзамдарды бузгандарды табуу жана тиешелүү чараларды көрүү максатында Миграция маселелери боюнча координациялык кеңештин алкагында мамлекеттик органдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн жана аларды координациялоонун механизмдерин **эки айдын ичинде** иштеп чыксын жана колдонууга киргизсин;

– тышкы миграция системасындагы коррупциялык тобокелдиктерди жоюу боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына караштуу Мамлекеттик органдардын координациялык кеңешинин сунуштарын эске алуу менен визаларды тариздөө жана берүү, анын ичинде электрондук визаны киргизүү процесстерин контролдоону жана тартипке келтирүүнү күчөтүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 10-мартындагы № 156 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын визасын тариздөө жана берүү тартибине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү караган ченемдик укуктук актыны **2016-жылдын экинчи жарым жылдыгында** кабыл алынышын тездетсин;

– жергиликтүү калкты ишке орноштурууну камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен **жыл сайын** чет элдик жумушчу күчүн тартууга квоталардын түзүмүн Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине жана ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык республиканын экономикасын өнүктүрүүнүн жана айрым өлкөлөр менен кызматташтыкты бекемдөөнүн кызыкчылыгында өлкөлөрдүн арасында зарыл болгон пропорцияны сактоо менен кайра карап чыксын жана квоталарды сатууну контролдоонун механизмин алдын ала карасын;

– чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасында жашоого укук алуу шарттарынын эл аралык тажрыйбасын эске алуу менен **2016-жылдын аягына чейин** кайра карап чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тиешелүү сунуш киргизсин;

– **2016-жылдын үчүнчү кварталында** республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүнүн жана аткаруунун тартибине республиканын региондорун өнүктүрүүнүн деңгээлин теңдештирүүгө жана алардын айрымдарынын калкынын миграциялык өсүшүн инфраструктуралык жактан камсыз кылууга багытталган өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды берсин;

– **2016-жылдын төртүнчү кварталында** калктын иш менен камсыз болушун кыйла жогору кылуу максатында республиканын начар өнүккөн региондорунда ишке ашырылуучу долбоорлор боюнча чет элдик жана ата мекендик инвесторлорго преференция берүү механизмдерин колдонуудагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн негизинде аныктасын;

– чакан жана орто ишкердикти колдоо үчүн зайымдык насыялык каражаттарды тартуу менен атайын фондду түзүү жөнүндө маселени **2016-жылдын аягына чейин** карап чыксын;

– чек ара аймактарында социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү жана калктын отурукташуусун камсыз кылуу максатында 2017-2023-жылдарга чек ара аймактарын өнүктүрүү боюнча улуттук долбоорду **2016-жылдын 1-октябрына чейин** иштеп чыксын жана ишке ашыруу үчүн кабыл алсын;

– 2050-жылга чейинки демографиялык болжолду жана узак мөөнөттүү мезгилге мамлекеттин демографиялык саясатын эске алуу менен 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын миграциялык саясатынын концепциясын иштеп чыксын жана **2016-жылдын аягына чейин** белгиленген тартипте бекитсин;

– мамлекеттин миграциялык саясатындагы өзгөрүүлөрдү, импорттогу алмашууларды жана ата мекендик ишканалардагы мамлекеттик заказдардын жайгашуусун эске алуу менен 2021-жылга чейин иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүүнүн жана тышкы, ички эмгек миграциясын жөнгө салуунун жаңыланган программасын иштеп чыксын жана **2016-жылдын аягына чейин** кабыл алсын.

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы жана Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети менен бирдикте Кыргыз Республикасынын аймагына резиденттердин жана резидент эместердин келүүсүн (кетүүсүн) эсепке алуу жана контролдоо боюнча бирдиктүү ведомстволор аралык маалыматтык мейкиндикти түзүүнүн эсебинен натыйжалуу миграциялык контролдоону системалоо жана камсыз кылуу максатында Тышкы миграцияны эсепке алуунун бирдиктүү системасын

(ТМЭБС) киргизүү боюнча иштерди **2016-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөттө** аяктасын.

9. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги:

– чет өлкөдөгү ведомстволук мекемелерине чет өлкөдө жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарын, анын ичинде эмгек мигранттарын консулдук эсепке алуунун зарылдыгы жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин **2016-жылдын аягына чейин** жүргүзсүн;

– Кыргыз Республикасынын кызыкдар министрликтери жана ведомстволору менен бирдикте Кыргыз Республикасынын аймагында болгон учурда чет элдик жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдарында милдеттүү түрдө каттоодон өтүүсү учурунда паритеттик негизди түзүү жана өз ара мамиле принцибин колдонуу бөлүгүндө “Тышкы миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун **2016-жылдын төртүнчү кварталынын аягына чейин** иштеп чыксын.

10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги:

– **2017-жылдын 1-февралына карата** калкты, жарандык абалдын актыларын жана калктын миграциясын персоналдуу эсепке алуунун автоматташтырылган системасын (ПЭАС) түзсүн;

– калкты жана кыймылсыз мүлктү так эсепке алуу жана каттоо боюнча иштерди координациялоонун механизмин иштеп чыксын жана **2016-жылдын төртүнчү кварталында** киргизсин.

11. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги ата-энелердин жоопкерчилигин жогорулатуу максатында эмгек мигранттарынын балдарына көзөмөлдүк кылууну милдеттүү түрдө тариздөө механизмдерин эки айлык мөөнөттө аныктасын.

12. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- жалпы билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнүн аттестат менен чогуу жумушчу адистиктерди алышы үчүн жогорку класстарга эмгек сабактарын киргизүү жөнүндө маселени карап чыксын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө чечимдин тиешелүү долбоорун киргизсин;

- республиканы социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү үчүн зарыл болгон адистиктер боюнча гана мамлекеттик заказ аркылуу ЖОЖдорго кабыл алууда бюджеттик орундардын санын чектесин.

13. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы чет элдик жарандарды Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгаруунун жана Кыргыз Республикасынан чыгып кетүү жөнүндө жазма буйрукту аткаруунун тартиби жөнүндө биргелешкен нускаманы иштеп чыксын жана **эки айлык мөөнөттө** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө белгиленген тартипте бекитүүгө киргизсин.

14. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабы, Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы:

– мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылууга тийиш болгон жарандардын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгуусун убактылуу чектөө бөлүгүндө “Тышкы миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруунун механизмин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү чечими менен бекитип, **2016-жылдын 1-октябрына чейин** иштеп чыксын;

– аскерге чакырылуучуларды жана аскерге милдеттүүлөрдү, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жүргөн эмгек мигранттарын аскердик каттоонун сапатын жакшырткан IT-технологияларын колдонуу менен аскердик каттоо жүргүзүүнүн методикасын иштеп чыксын жана **2016-жылдын 1-ноябрына чейин** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү чечими менен бекитсин.

15. Бул Чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчылыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Президенти,**
**Коргоо кеңешинин төрагасы** **А.Ш. Атамбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Коргоо кеңешинин катчысы** **Т.К. Джумакадыров**